Эргешова Ө.Ж., Жакыпова Г.Т., Давранова Г.Р.

КЕНЖЕ ЭПОСТОРДОГУ КААРМАНДАРДЫ ТАЛДООНУН ЫКМАЛАРЫ

Эргешова О.Ж., Жакыпова Г.Т., Давранова Г.Р.

МЕТОДЫ АНАЛИЗА ПЕРСОНАЖЕЙ В МЛАДШИХ ЭПОСАХ

Ergeshova O., Zhakypova G., Davranova G.

METHODS OF ANALYSIS CHARACTERS IN EARLY EPICS

УДК: 811.161.1:512.122.4

Бул макалада «Курманбек», «Жаныш Байыш» эпосторундагы каармандарга талдоо жүргүзүүнүн ыкмаларына анализ жүргүзүлдү. Кыргыз элинин байыртадан бери жашоо-тиричилиги оозеки чыгармачылык менен тыгыз байланышта өткөн. Дүйнөлүк көркөм маданияттын шедеври болгон «Манас» эпосу баш болгон фольклордук чыгармалар улуттун руханий мурасы катары кыргыз адабият мектептерде окутула баштаганга чейин эле жаштарды адептик, руханий, эстетикалык жактан тарбиялоого чоң салымын кошуп, мекенчилдик сезимдерин ойготкон. Элдик оозеки чыгармачылыкта кенже эпостордун балдардын таалим тарбиясына, алардын патриоттук сезимин калыптандыруусунда ролу өтө чоң, анткени чыгармадагы баатырдык иш аракеттер алардын эли жерин сүйүүгө, өз Мекенине ак кызмат кылууга шыктандырат. Бүгүнкү технология кулачын жайган мезгилде мугалим кенже эпостор аркылуу балдардын атуулдук көз карашын калыптандыруусунда бир канча иш аракеттерди изилдөөбүздө мисал катары келтирип өттүк.

Негизги сөздөр: элдик оозеки чыгармачылык, дидактикалык чыгармалар, методдор, каармандар, баатыр, атуулдук сезим.

В этой статье рассматривается методы анализа персонажей эпосов «Курманбек», «Жаныш Байыш». С древних времён каждодневный быт кыргызского народа тесно связан с устным народным творчеством. Фольклорные произведения во главе шедевра мировой художественной культуры эпос «Манас» как национальное духовное наследие имело большое значение в нравственном, эстетическом воспитании молодёжи ещё до того, как начали изучаться в школах на уроках кыргызской литературы. В устном народном творчестве маленькие эпосы играют большую роль в обучении и воспитании детей, в формировании у них патриотизма, так как героические поступки в произведениях воодушевляют их любить родную землю, честно служить Родине. В статье мы привели несколько примеров действий для формирования гражданского взгляда детей во время сегодняшней эпохи технологий.

Ключевые слова: устное народное творчество, дидактические произведения, методы, персонажи, героизм, гражданское чувство.

The article deals with methods for analyzing the characters of the epics «Kurmanbek», «Zhanysh Baiysh». Since ancient times, daily life of Kyrgyz people has been closely connected with oral folk art. Folklore works at the head of the masterpiece of world artistic culture of the epic "Manas" as a national spiritual heritage were of great importance in the moral, aesthetic education of young people even before they began to be studied at schools in the lessons of Kyrgyz literature. In oral folk art, small epics play a big role in the education and upbringing of children, in the formation of patriotism in them, since the heroic deeds in the works inspire them to love their native land, to honestly serve to Motherland. In the article, we have given several examples of actions for shaping the civic outlook of children during today's era of technology.

Key words: folklore, didactic works, methods, characters, heroism, civic feeling, technology, education.

Азыркы кыргыз турмушу күн санап социалдык-экономикалык жана нравалык (адептик) жактан өзгөрүп, улам жаңыланууда. Ушуга ылайык, өсүп келе жаткан жаш муундарга татыктуу тарбия берүү менен коомдун негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Ушул шартта окумуштуулар арасында тарбия-таалим учурдагы тез өзгөрүп бараткан мындай коомдук-экономикалык шартка жараша гана эмес, түбөлүктүү баалуулуктарды багыт кылуу менен, улуттук өзгөчөлүктөрдү туу тутуу зарыл деген көз караштар илимий негизде айтыла баштады. Мунун өзү элдик педагогикалык тарбия-таалим салттарына, идеяларына негизделип, мектепте окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө багыт берери шексиз [3, 57].

Элдик салттардын жана элдик чыгармалардын жардамы менен жаш жеткинчектерди Ата Журтун сүйүүгө тарбиялоодо бир катар педагогдор, окумуштуулар: Ш. Амонашвили, А.А. Вергер, А.С. Макаренко, Н.Б. Словодчиков, И. Слуцкий, М.Г.Стельмаховский, В.А.Сухомлинский К.Д.Ушинский, З.Цаллагова ошондой эле кыргыз окумуштууларынан: А.Ж. Муратов, С. Байгазиев, А. Алимбеков Н. Имаева, С. Иптаров С. Рысбаев, Р.Сулайманова ж.б. бул маселелерге кайрылышкан.

Элдик оозеки чыгармалардын өткөндөн кабар берген, келечектин багытын белгилеген коом таанытуучулук, идеологиялык курал катарындагы, ошондой эле жаш кары дебей бүт элге тарбия берүүчүлүк, ар бир адамга көркөм рахат тартуулаган эстетикалык маанилери зор. Оозеки көркөм чыгармалар калкыбыздын рухий байлыгы, ата-бабаларыбыздын мыкты мурасы катары өз баркын дайым жоготпойт. Эгемендүүлүккө жетишип, өз мамлекетин түзүп, элибиз коомубуз жаңыланып жаткан бүгүнкү шартта калкыбыздын кечээги басып өткөн ары улуу, ары татаал жолун элестүү чагылдырган, дүйнө, жаратылыш, коом жөнүндөгү көз караш, түшүнүктөрүнөн кабар берген, улуу сөздүн материалдарынын жалпы калкка үлгү болорлук, жаштарга таалим-тарбия берерлик мааниси чоң, ролу актуалдуу. Анткени, жаш мамлекетибиздин идеологиялык багытын тактоодо, ата-мурас болгон элдик балдар чыгармалар негизги булак катары кызмат кылып келүүдө.

Элдик кенже эпостор аркылуу өсүп келе жаткан жаш муундарды  кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнүн өзгөчөлүгүн аңдаштыруу, бүгүнкү күндө эгемендүү Кыргызстандын эртеңки келечеги үчүн ак кызмат кылган  мекенчил окуучуларды тарбиялоо зарыл экендиги көрүнүүдө.

Балдарды тарбиялоодо элдик педагогиканын баалуу мурастарын алардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен пайдалануу бүгүнкү күндө да турмуштук зарылдык болуп эсептелет.

Элдик педагогиканын өзөгүндө кыргыз элинин өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо көз караштары, идеялары бекем орун алган. Эл өзүнүн салт-санааларында, үрп-адаттарында, кенже эпостордо, улуулардын басып өткөн бай тажрыйбаларында билим берүү, тарбиялоо идеяларын кылымдар бою көөнөртпөй камтып, өнүктүрүп сактап келген. Ушуга ылайык өсүп келе жаткан жаш муундарды эли-жерин сүйүүгө үндөгөн элдик кенже эпостордун мааниси өтө чоң.

Балдарды Ата Журтун сүйүүгө тарбиялоодо кенже эпостордун ролу өтө чоң. Терең философияны камтыган сөз берметтери ата бабаларыбыздын нускалуу казынасына айланып, муундан-муунга өтүп, нарктуулугун жоготпой келет.

Азыркы убакта ар бир окуучунун психологиялык индивидуалдык өзгөчөлүгүнө, билимине, шык, жөндөмүнө жараша окутуп-тарбиялоо реалдуу кызыкчылыкка айланды.

Элдик тарбиянын терең тамыр жайган жана андан келип чыккан өзөктүү идеялардын маңызында узак убакыт бою эл тарабынан текшерилген, сыналган тажрыйбадан улам бекемделген адептик негизги категориялар, тактап айтканда, жакшылык менен жамандык туюмдары коомдук психологиянын мүнөздөрүнө ылайыкталып, эл массасынын аң-сезиминде таразаланат.

Эчактан бери жалпы элдик мүнөзгө айланган, тарбия-таалимдүү болууга чакырган элдик тарбиячылардын насаат сөзүн кыргыз эли күндөлүк турмушта пайдаланып, болгондо да, аларды элдик чыгармалар аркылуу жүзөгө ашырып келишкен.

Жалпы элдик таалим-тарбия, педагогикалык байлык экендигин, ар бир эл өзүнүн педагогикалык салттарында өзүнөн кийинки муунду жакшы үлгүлөр аркылуу тарбиялоосунда элдик чыгармалардын таасири чоң болгон.

Эпостор мектеп программасында үзүндү түрүндө гана берилет да, алардын ошол үзүндүсү аркылуу мугалимдин алдына окуучуларды чыгарманы толук окуу үчүн окурмандык кызыгууларын ойготууга жетишүү милдети коюлат. Тексттин толук берилбегендиги кыргыз фольклорунун ичинде эпостор көлөмүнүн чоңдугу, алардын баарын төрт-беш саатта окуп үйрөнүп чыгуу мүмкүн эместиги менен түшүндүрүлөт. Андыктан да окуу-хрестоматиясын түзүүчүлөр текстти китепке киргизүүдө, адабият мугалимдери чыгарманын тексттин талдоодо төмөнкү учурларга өзгөчө көңүл бурушу керек:

- берилген үзүндү башка үзүндүлөр менен окуялык-мазмундук, логикалык жактан байланышкан болушу керек;
- сунушталган текст жалпы чыгарманын сюжеттик-композициялык, образдык курамында чечүүчү орундарда турушу зарыл;
- үзүндүдө окуя башкы каармандардын биринин айланасында жүрүп, алардын образы ачылышы керек;
- окуучулар үйрөнүүчү текст чыгарманын жалпы идеялык-стилдик өзгөчөлүгүн чагылдырышы кажет.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында советтик билим берүү тармагында В.Ф. Шаталов, С.Н. Лысенкова, И.Н. Ильин, И.П. Волков, М.П. Щетинин, В.Б. Никитин, Ш.А. Амонашвили, Л.Никитина, В.А.Караковский ж.б. мугалимдер өздөрүнүн новатордун идеялары менен таанылышкан. Жаңычыл мугалимдин максаты эпостун сюжетин айтуу менен анын образдарына баа берүү менен каармандардын иш аракетинен патриоттук портретин чагылдырып берүү. Талдоого алган образдар келечектеги муунга баатырдыктын, мекенчилдиктин, акылмандыктын символ-образдарын көрсөтүүсү зарыл. Мугалим сабакта кенже эпостордогу образды чыгармада сүрөттөө менен каармандын образын ачып көрсөтөт.

Сабакта эң эле башында каармандардын портреттерин окуучуларга тааныштыруу зарылдыгы келип чыгат.

Таблица 1

«Эр Төштүк» эпосундагы Төштүктүн атуулдук портрети

| | |
|---|---|
| Эр Төштүк | Тогуз уулдун кенжеси<br>Элемандын эркеси.<br>Найзакердин ыктуусу<br>Ал кездеги алптардын<br>Акыл тапкыч мыктысы.<br>Аталган алптын сырттаны.<br>Эрен чыкты, эр чыкты,<br>Жүрөгүнөн чаң чыкты,<br>Доошунан жан чыкты.<br>Он экиге келгенде<br>Канчаларды камады,<br>Катылышкан адамды<br>Элемандын Төштүгү<br>Карсылдатып сабады [1, 38-б.]. |

Таблица 2

«Эр Төштүк» эпосундагы Чалкуйруктун портрети

| | |
|---|---|
| Чалкуйрук | Айбандан эстүү жаныбар,<br>Кыл куйруктун асылы.<br>Суу түбүндө казанды<br>Намыз алып тиштеген,<br>Бул намызын алганда,<br>Ай туяк деп сабылган,<br>Сени алгыча мени алсын, -<br>Деп ошондо Эр Төштүк,<br>Канатым деп жалынган [1, 50-б.]. |

«Эр Төштүк» эпосунда образдарды талдоо учурунда көңүл буруучу жагдайлар жана аны талдоо технологиялары:

«Эр Төштүк» эпосундагы чыгарманын башкы каарманы.

Эр Төштүктүн образын талдоодо мугалим менен окуучунун биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүгү төмөнкү учурларга багытталууга тийиш:

- Ал бардык оор шарттарга, кыйынчылыктарга чыдаган сабырдуу, күрөшүүчү каарман.
- анын минген аты Чалкуйрук менен ажырагыс бир бүтүндүгү, биримдиги кыргыз эпикалык мурастарындагы ат жана адам философиясын, педагогикасын тереңдетет.
- Эр Төштүктүн инсандык сапаттары: баатырдыгы, кайрымдуулугу, тайманбастыгы, боорукерлиги, бир туугандарына күйүмдүүлүгү, душмандарды аябастыгы, достукка бекемдиги, адамгерчиликтүүлүгү, сабырдуулугу, чыдамдуулугу, көтөрүмдүүлүгү, өжөрдүгү ж.б.

Чалкуйрук. Эр Төштүктүн минген аты. Кыргызда ат адамдын канаты демекчи, жоокерчилик заманда баатырды баатыр кылган анын аты болуп эсептелген. «Эпикалык чыгармалардагы баатыр менен тулпар аттын образынын дайыма тизгинделип чогуу жүрүшү, сүрөттөлүшү, бул эки образдын ортосундагы байыртадан келе жаткан ажырагыс «кош бирдиктүү байланышты» туюндурат. Айрыкча, баатырдын келбетин, калыстыгын, сүрдүүлүгүн, кыскасы, жандан башкача касиеттерин сүрөттөгөн учурда тулпардын образында андан эч качан кем сүрөттөлгөн эмес. Анткени, баатыр ошол күлүк, «адамдай акылдуу, күчтүү тулпары менен баатыр [5, 20-б.]».

Таблица 3

«Эр Төштүк» эпосундагы Элемандын портрети

| | |
|---|---|
| Элеман | Каны калып бир кашык,<br>Эти калып көк жашык,<br>Арык болду Элеман.<br>Эгем берген эки бут<br>Шилтей албай ал кетип, |

| | |
|---|---|
| | Кызыл ашык, бейбелчек<br>Кыйрап кара кан кетип [1, 32-б.]. |

Кенже эпосторунда образдарды талдоо учурунда мугалим көңүл буруучу талдоо технологиялары төмөнкүлөр:

Биринчиден чыгарманын башкы каарманына басым жасоосу зарыл, анткени ар кандай эпикалык чыгармада окуялар башкы каармандын тегерегинде топтолот.

Каармандардын образын талдоодо мугалим менен окуучунун биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында бир топ сабак өз максатына жетмекчи.

Кенже эпостогу баатырдык мүнөздү кармаган Жаныш Байыш, Курманбек, Төштүк, Эр Табылдынын образын ачып берүүдө алардын элин, жерин сырткы душмандардан коргогон баатырдык портретине көңүл буруусу шарт. Алар жоокерчилик заманда эли жерин коргогон баатырлар. Алардын максаты – элдин эркиндигин сактоо, көз каранды болуп калбоо үчүн күрөшүү жана муундан муунга өткөрүү. Ошондой эле буларды жоокерчиликке эл өзү, турмуштук кыйчалыш, согуштук аракеттер өздөрү тарбиялады б.а. бул окуялар – өз доорунун муктаждыгынан улам келип чыккан тарыхый-турмуштук зарылчылыктар болуп эсептелет.

Мугалим окуучуларга сабакта көңүл бура турган нерсе – кенже эпостогу баатырдык мүнөздү кармаган каармандардын жоокер болушунун негизги мотиви басып алуучулукта эмес, душмандарга каршы күрөшүү жана эли жерин көздүн карегиндей сактоо. Ошондой эле мугалим каармандардын баатырдык иш аракетин талдоодо тексттен аларды мүнөздөөчү сапаттарды табууга тапшырма берүүсү керек. Мисалы окуучулар тексттен Табылдыны мүнөздөгөн саптарды табат:

«жаагынан түк чыккан»;
«жалындап көздөн от чыккан»;
«бала жолборс өңдөнгөн»;
«ак жолборстой чамынган»;
«болот кылыч байланган»;
«бозум куштай айланган»;
«шилтегени албарстай»;
«ирмегени жолборстой» ж.б. [4, 21-б.].

Мугалим окуучуларга мындай суроолорду берет

1. Жалындап көздөн от чыкканы эмнеси? Көздөн от чыгабы? Элестетип көргүлө: кимди, кандай сүрөттү элестеп жатасыңар? ж.б.

Окуучулар Эр Табылдыны мындай сүрөттөп бере алышат.

Жоодон качып көрбөгөн
кишиге жолун бербеген,
ак дөө менен күрөшкөн,
алты күн удаа тирешкен.
Нар өлтүрсө пул бербеген,
эр өлтүрсө кун бербеген.
Куудай сакал агарткан,
кузгундай көзүн кызарткан.
Куу байталын чапкылап жүргөн [4, 5] - деп анын мүнөздүк сапаттарын талдап беришет.

Кыргыздын кенже эпосторунда баатыр канчалык күчтүү, баатыр, тайманбас болсо, балдар ага суктануу менен балдар өздөрү да ага окшогусу келишет.

Ошондой эле Эр Табылдынын образын жараткан негизги сапаттары болуп – анын өжөрдүгү, көктүгү, баатырдык тайманбастыгы:

Үч күндүк алыс кетсе да,
Калмакка жетпей калбаймын.
Кырк күнү кырда жүрсөм да,
Кыйналып чарчап талбаймын, [4,11-б.] - дейт ал Чалкалмак жылкыларын айдап кеткенден кийин.

Эр Табылдынын дагы бир негизги сапаты –айыл аксакалдарынан, досторунан кеңеш угуп иш кылуусу.

Айланайын, кырк досум,
Кыркың бирдей жолдошум,
Элдияр, Эрмек баатырлар,
Эмчектеш болгон жолборсум.
Эриктим деп жүрчү элен,

Эми сага жол болсун [4, 12-б.] - деп согушка жалгыз аттанбай достору Элдияр менен Эрмекке ишенет. Анын согуштук иш аракеттердин сырын билген чоң тактик экендигин мындан байкабыз:

Ок, дарыны мол алып,
Озунуп мурда жол чалып,
Чалкалмакты талкалап,
Келебиз калың олжо алып.
Капчыгайга салалык,
Кара кыр ашып баралык,
Карышкыр жүрбөс мөңгүдөн,
Карап дүрбү салалык,
Дөөгүрсүгөн калмакты
Көңтөрө сайып алалык.
Аксарбашыл алыңар,
Ай туякка чалыңар,
Арбакка атап мал союп,
Азык кылып алыңар.
Айланайын, кырк бөрү,
Атаңдын көрү калмактын
Аркасынан барыңар [4, 23-б.].

Кенже эпостогу негизги идея кырк жигит баштаган баатырдын милдети жоону талкалоо, алардын таш-талканын чыгаруу, катылгандын мизин кайтарып, эли жерине ак кызмат кылуу болуп саналат. Эл жоокерлердин башчылыгына сынчы таап берген 60 уулдун мыктысы деп Табылдыны тандашат.

Табылдынын дагы бир башкалардан өзгөчөлөнгөн мыкты сапаты жетим-жесирге карамдуу, кайрымдуу, адилет башкаруучу экендиги.

Жесир катын бар болсо,
Жетимиштен кой берди.
Жетим бала бар болсо,
Жети саан уй берди.
Эл ичинде кедейге,
Эки бооз бээ берди.
Эси кеткен кемпирге,
Эки нарча төө берди [4, 13-б.] - деп анын жоомарттыгы, кайрымдуулугу элдик педагогиканын негизги үлгүлүү образдарынын бири болуп саналат.

Кыргыздын элдик чыгармалары улуттун көркөм өнөрүнүн күзгүсү. Адабияты, тили, маданияты жок эл болбойт демекчи, анын негизги өзөгүн, туткасын кармап турган кенже эпостор болуп саналат. Андыктан мугалим окуучуларды өзүнүн элдик оозеки чыгармаларын үйрөнө билишке, анын дагы кийинки муундарга өткөрүп беришке тарбиялоосу зарыл. Ошондой эле өз улутунун асыл нарктарын баалоо үчүн мугалим кенже эпосторду баланы мекенчилдик көз карашын калыптоого үйрөтүүгө тийиш. Кыргыздардын негизги баалуулуктары болгон кыргыз тили, үрп-адаттары, салттары, тутунган дини, элдик ишенимдери жана тыйымдары, элдик оозеки чыгармачылыгы, көркөм өнөрү, майрамдары жана оюн-зооктору кыргыз этносунун өз философиясына, педагогикасына, менталитетине карата тандап алган руханий дөөлөттөрү экендигин билүүгө жана тарбиялоого милдеткербиз.

Мугалим колдоно турган методикалык ыкмалар төмөнкүдөй мазмунда жүргүзүлүүсү шарт:

1. Айтуучулардын өмүр баянындагы урунттуу учурларды белгилөө.
2. Элдик кенже эпосторду кимдер айткан жана алар кимдерден үйрөнгөн.
3. Айтуучулардын бир биринен өзгөчөлүктөрү.
4. Айтуучулардын сүрөтүн, айтуу учурундагы манераларын, кыймыл-аракетин (С.Каралаев тууралуу «Манасчы», «Бакайдын жайыты», «Манас, Манас болгону», «Манастап» ураан чакырып...» ж.б. фильмдерден үзүндү көрсөтүү).

Ошентип сабактын бул бөлүгүнөн окуучулар элдик кенже эпосторду окуп-үйрөнүү процессинде кыргыз элинин үрп-адаты, салты, жөрөлгөлөрү, жашоо образы, менталитети, андагы баатырлардын эрдиктери менен тааныша алышат.

Адабияттар:

1. Кайыпов С. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк»: Часть 1. Гипербола. Сравнение [Текст]/С.Т.Кайыпов.– Ф: Илим, 1990.
2. Каралаев С. Тулпарлар. 4-бас. [Текст] / С. Каралаев. – Б.: Шам, 1995. – 50-б.
3. Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст] / Б.Кебекова. – Ф.: Илим, 1982. – 260 б.
4. Кебекова Б. Эр Табылды // китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук. 3-т. [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. – Б.: Шам, 2004. – 184-203-бб.
5. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки [Текст]: I бас. – Ф.: «Кыргызстан», 1973. – 720 б.
6. Муратов А. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер [Текст] / А.Муратов, Б.Байсабаев. – Б.: 2010. – 72 б.
7. Эр Төштүк: «Эл адабияты» сериясы: 2-том. [Текст] / С.Каралаевдин айтуусу боюнча. – Б.: Шам, 1996. – 448 б.
8. Шырдакбек. Эр Табылды: «Эл адабияты» сериясы: [Текст] / А.Тыныбековдун айтуусу боюнча. – Б.: Шам, 2002. – 280 б.